**Билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо боюнча “Сапаттуу Билим” агенттигинин 2024-жылдын 4 - июнундагы отурумунун №8 протоколу**

**Отурумдун катышуучулары:**
Катышты – 10 Аккредитациялык Кеңештин мүчөсү
**Төрага:**
Абдыкадыров А.З.
**Аккредитациялык Кеңештин мүчөлөрү:**
Асанбекова Ч.М.,
Искандер Таалайбек
**Он-лайн форматта катышкандар:**
Тажибаев К.Т., Ниязалиев У.С., Уркунчиев Т.К.,
Белекбаев У.Т., Мамытов Т. Т.,
Бейшеев Б.М., Турдумамбетова Э.Д.
**Катышкан жок:**
Маматалиев М.А.

**Күн тартиби:**
Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-мартындагы №189 “Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө” токтомуна ылайык жана берген арыздарынын негизинде тышкы эксперттик комиссиялардын билим берүү программаларын аккредитациялоо жана төмөнкү билим берүү уюмдарын аккредитациялоо боюнча сунуштарын талкуулоо:

1. **Эл аралык инновациялык технологиялар университети:**

750500 “Курулуш” программасы

**Угулду:**
**Абдыкадыров А.З.**
Урматтуу кеңештин мүчөлөрү, Эл аралык инновациялык технология университетинин 750500 “Курулуш” программасын эксперттер аккредитациялансын жана 5 жылдык мөөнөт менен аккредитациялык күбөлүк берилсин деп сурап жатышат.
**Комиссиянын төрайымы** Касымова Марьям Тохтахуновна, д.т.н., Б. Ельцин атындагы КРСУнин “Курулуш” кафедрасынын профессору, КР ИА корреспондент-мүчөсү, презентацияны көрсөтүп, комиссиянын чечими менен тааныштырды (отчет тиркелген).

Добуш берип койсоңуздар.
Ооба – 10, каршы –жок
**Чечим:**
Эл аралык инновациялык технология университетинин 750500 “Курулуш” программасы аккредитациялансын жана 5 жылдык мөөнөт менен аккредитациялык күбөлүк берилсин.

**Төрага** **А.З.Абдыкадыров**

**Катчы** **Ч.М.Асанбекова**